Токтом №1

28.08.2022ж

Бардыгы -17

Катынканы -17

Катышпагыны-0

Каралуучу маселелер :

1. 2020-2021 окуу жылындагы педагогикалык жамааттын ишин талдоо жана ички тартип эрежелери
2. Жаңы окуу жылына 2021-2022-окуу жылынын пландарын,милдеттерин, иш мерчемдерин кароо жана бекитүү.
3. Жаңы окуу жылында мугалимдерге жүктөлгөн сааттар менен тааныштыруу жана тартип эрежелерин сактоо.
4. Мектеп компонентин бөлүп берүү бекитү
5. Мектепке тийиштүү Жоболор менен тааныштыруу.

Угулду: 1. Биринчи маселе боюнча мектеп директору Кулсариева А.Э билдирүүсү.

2020-2021 –окуу жылында аткарылган иштерге маалымат

берилип,кемчиликтер жана жетишкендиктер айтылды . Өзгөчө көнүл аккредитациядан өтүүдөгү, көп кыйынчылыктардын болушу тууралуу айтып,мектептин аккредитациядан бир (1) жылга гана өткөндүгүн белгилеп кетти. Ошондой эле билим сапаты жетишерлик денгээлде болбой жаткандыгын айтып, быйылкы жылы билим сапатын көтөрүү керек экендигин,жаны стандарт боюнча сабактардын өтүлүүсүн белгилеп өттү. Бул окуу жылында билим сапатыбызды жогорулатуу үчүн биз былтыркы 2020-2021 –о.ж билим сапатын билишибиз керек . Бирок былтыркы окуу жылына караганда бул жылы билим сапаты бир аз болсо да жогорулаган.Анын себеби башталгыч класстын окуучулары “тез окуу” курсуна катышуулары

болгон.Ал эми 5-9 класстын окуучуларынын билим сапаты ошол бойдон калууда .Мектепте андан тышкары сабак кружокторy өтүлөт,бирок районный олимпиалардан жакшы натыйжа бербей келебиз .Мындан кийин сабактардын өтүлүүсүнө олуттуу мамиле менен карап окуучуларды олимпиядаларга даярдоо керектиги айтылды.

2. Жаңы окуу жылынын планы жана милдеттери менен сиздерди тааныштыра өтсөм .Эгерде сиздерде өзгөртүү сунуштар болсо айтасыздар.

1. Сабак өтүүдө жаңы инновациялык технологияларды колдонуп көрсөтмөлүү сабактарды өтүү

2. Сабактын структурасын так,даана сактоого сабактын максаттарын туура коюп,ишке ашыруусун анализдеп ,мониторинг чыгарып туруу.

3. Билим сапатын жакшыртуу максатында окутуунун жаңы ыкмаларын колдонуу менен сабактарга окуучулардын кызыгуусун артыруу үстүндө эмгектенүү.

4. Мугалимдер дайым өз билимин жогорулатып,атайын даярдоо курстарынан өтүп туруу.

5. Окуучуларгат замандын талабына жараша тарбия берүү.

6. Таланттуу жана начар окуган окуучулар иш алып барууну тереңдетүү,контролду күчөтүү ,олимпиадагы ийгиликтерге жетишүү.

7. Иновациялык технологияны колдонууну ,аудио-видео сабактарды пайдалануу

8. Окуучуларды олимпиадага даярдоо боюнча тест жана кичи экзамендерден өткөрүп туруу

9. Электрондук “Күндөлүк “жана электрондук журналдарды колдонууну тереңдетүү.

Чыгып сүйлөдү; Башталгыч класстын мугалими Бегдулетова Р .Бул милдеттемелер заман талабына ылайыкташтырылып абдан жакшы түзүлгөн .Өзгөртүүнүн кереги жок.

Жогорудагы милдеттерди угуп жана талкуулап пед кеңешме ч е ч и м кылат.

1. Быйылкы окуу жылында былтыркы окуу жылындагы билим сапатына салыштырмалуу билим сапатын жогорулатуу аракеттери жүргүсүлсүн.
2. Жаны окуу жылындагы милдеттемелер толук ишке ашырылсын .

3. Билим сапатын көзөмөлдөө милдетин окуу завучу Абдиламитова Г.Кга жүктөлсүн.

Сүйлөдү: Мектептин окуу завучу Абдиламитова Г.К. Урматтуу мугалимдер ! Мектептин өнүгүүсүнүн бирден –бир жолу бул тартип. Биз мугалимдер тартипти өзүбүздөн баштасак.Мектептин талабына ылайык тартиптерге жоопкерчилик менен карасак,ошондо тартип бекемделет.Талапка ылайык быйылкы окуу жылында мугалимдер суранаардан мурда бир күн мурун алдын ала айтып ордуңарга мугалим дайындап кетиңиздер!Эгерде бул талапка жооп бербеген мугалимдин жазасы. 1) Сөгүш берилет; 2) Акчасы кыскартылат (бир күндө канча саат болсо ,ошол күндүн сааты кемийт) . Эскерте кетчү нерсе ар бир предметтик мугалимдер таланттуу балдар менен иштөө пландарыназдарды бекиттериңиздер!Таланттуу балдарды олимпиадага дагы даярдап, алып чыгуу аракетин эмитен баштаңыздар!

Быйылкы окуу жылында бизге жаш кадрлар келгендигине байланыштуу наасатчыны да шайлап алуу керек. Жаш мугалим Таалай кызы Айзат жана Сатылганова Кыял –наасатчы Кудайбергенов Асылбек ,Аблабекова Эркебү жана Гапарова Зулпухан - наасатчы Курбанова Бүкадича.

Быйылкы окуу жылында бекитилген класс жетекчилер:

1. 1а-класс Бегдулелова Гүлнура
2. 1б-класс Бектурсунова Жазгүл
3. 2-класс Бегдулетова Рыскүл
4. 3-класс Абдиламитова Гүлкайыр
5. 4-класс Курбанова Бүкадича
6. 5-класс Гапарова Зулпухан
7. 6а-класс Джумалиева Майрам
8. 6б-класс Өмүржанов Турат
9. 7-класс Касыманкулова Кызжибек
10. 8-класс Джумалиева Нуржамал
11. 9-класс Кудайбергенов Асылбек

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап,пед кеңешме ч е ч и м кылат.

1. Мектептин талабына ылайык иштебеген мугалимдер атайын чечилген жазасын алышсын .
2. Предметтик мугалимдер окуучуларды олимпиадага даярдап, тизмесин беришсин.Иш пландар айдын аягына чейин бекитилсин .
3. Жогорудагы аты аталган наасатчылар иш пландарын бекитишсин .
4. Классжетекчилер класс менен иштөө планын иштеп,бекиттиришсин .

5. Чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөө окуу завучу Абдиламитова Г.К. милдеттендирилсин.

Директор :Кулсариева А.Э

Быйылкы окуу жылында бардык предметтерге мугалимдер жетиштүү.Сааттарды бөлүштүрүүдө төмөнкүтүчө болду.

1. Кулсариева А.Э – 9 саат кыргыз тили адабияты 0,5 директор
2. Абдиламитова Г.К – 14 саат баш.класс ОТЗ завуч -0.5 ст
3. Аблабекова Э.К - 15 -0класс, 2саат
4. Бегдулетова Г.Е -18 саат 1 –класс
5. Бегдулетова Р .К -20 саат 2-класс
6. Бектурсунова Ж.К-18 саат 1-класс
7. Гапарова З .А- саат англис тили
8. Джумалиева М.Т –саат орус тили
9. Джумалиева Н .А-саат корком онор,китепканачы
10. Касыманкулова К.Д-26 саат тарых, Кыргыз тили
11. Кенжебаева Б.Т -20 саат география,биология
12. Кудайбердиев А.Т- саат математика
13. Курбанова Б.К-11саат баш.класс 6 саат кыргыз тили
14. Өмүржанов Т.К-12 саат дене тарбия ТЗ завуч
15. Сатылганов К.М- саат математика
16. Таалай кызы Айзат –саат информатика
17. Усенбаева Г- химия,информатика

Окуу процеси 1 сменде жүргүзүлөт.Саат 8.00 башталып 13.00 бүтөт.Түштөн кийин саат 14.00до кружоктор өтүлөт.

Жогорудагы сааттардын бөлүнүшү боюнча талкуулап пед кеңешме ч е ч и м кылат

1. Мугалимдер бөлүнгөн сааттар менен иштешсин.
2. Окуу процеси 1сменде жүргүзүлсүн .Саат 14.00 кийин кружоктор өтүлсүн .
3. Бул чечимди көзөмөлдөөнү ОТЗ Абдиламитова Г.К га жүктөлсүн.

Угулду : Мектептин окуу завучу Абдиламитова Г сөз сүйлөп 2021-2022- окуу жылында мектеп компоненти 5-класстарга орус тилинен жана ___ Быйылкы жылы 2022-2023-окуу жылында математика сабактарынан окуучулардын көрсөткүчү начар болгондуктан 5-классменен 8- класска математика сабактарынан мектеп компанентин берүүнү сунуштады .

Жарыш сөзгө Кудайбергенов А  сөз сүйлөп  математика сабактарынан көрсөткүчтөрү аз болгондуктан 5- класс менен 8-класска берүүнү туура көрдү.

ЧЕЧИМ :      5-класс менен 8-класска  мектеп компоненти киргизилсин.

5- меселе бонча мектептин окуу тарбия иштер боюнча завучу Өмүржанов Т.К сөз сүйлөп  мектепке тийиштүү жоболор  менен таанышып чыгуу керек экендигин айтып өттү. Бул жерде жаңы келген мугалимдер бар  алар да мектептин ички тартип эрежелери менен таанышып чыгуулары абзел . Ошондуктан мектепке тийиштүү жоболор менен баардык мугалимдер таанышып чыгып кийинки пед кеңешмеде талкуу жүргүзөлү.

ЧЕЧИМ :   Бардык мугалимдер жоболор менен таанышып чыксын.

Сөз сүйлөдү мектептин тарбия завучу Өмүржанов Турат

Мектеп мүдүрү                                    Кулсариева А.Э.